| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>АК-ТЕРЕК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АК-ТЕРЕКСКОГО<br>АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА** |

**Эл депутаттарынын VII – чакырылышынын XXIII – сессиясынын**

# ТОКТОМУ

2023-жылдын 4-августу № 7 Кара-Коо айылы

**Жер участокторун которуу (трансформациялоо) боюнча сунуштама киргизүү жөнүндө**

Ак-Терек айыл аймагынын Кара-Коо айылынын тургуну А.Алюлдаевдин кайрылуусунун негизинде, Ак-Терек айылдык кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиясынын Ак-Терек айыл аймагынын Дөң-Талаа айылындагы “Саз” участогун №2444, 2393 жана 2440 контурларында жайгашкан жерден 6,0 га жер участкасынан балык чарбасын өстүрүү боюнча жер аянтын “Жайыт жерлерден” башка категорияга, б.а. “Өнөр-жай, транспорт, байланыш, коргоо жана башка багыттагы жерлер” категориясына которуу (трансформациялоо) боюнча Тоң райондук мамлекеттик администрациясына сунуштоо берүүгө макулдук берүү жөнүндө сунушун угуп, талкуулап Ак-Терек айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айыл аймагынын Дөң-Талаа айылынын “Саз”участкасынын № 2444, 2393 жана 2440 контурундагы 6,0 га жер аянты “Жайыт жер” категориясынан “Өнөр-жай, транспорт, байланыш, коргоо жана башка багыттагы жерлер” категориясына которуу (трансформациялоо) боюнча Тоң райондук мамлекеттик администрациясына сунуштоо берүүгө макулдук берилсин.

2. Токтомду аткаруу жагы Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы Т.А.Калыковго жүктөлсүн.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айылдык кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Г.Ж. Сугатчиевага милдеттендирилсин.

**Төрага** **А.А. Мамбетов**

**Жооптуу катчы** **М.Б. Эсеналиева**